Кыргыз Республикасы,
720011,Бишкек шаары,
Суйунбаева көчөсу 144/23
Tel. +996 312 43 20 75
+996 312 43 02 55
Fax +996 312 43 19 51
pbumr@mail.ru
www.basma.kg

Общество с Ограниченной Ответственностью
ПОЛИГРАФБУМРЕСУРСЫ
Жоопкерчилиги Чектелген Коому

The Kyrgyz Republic
720011 Bishkek
144/23, Suiunbaeva Str.
Tel. +996 312 43 20 75
+996 312 43 02 55
Fax +996 312 43 19 51
pbumr@mail.ru
www.basma.kg

исх. 110 от 24 ноября 2020г

Прием граждан ГП КР
Штрих код № 46136.
Дата: «24» 11. 2020г.
тел: 54-28-20
Подпись

**Кыргыз Республикасынын**
**Башкы прокурору**
**мырза: Зулушев Курманкул Токторалыевичке.**

**Өтүнүч кат.**

**Урматтуу, Курманкул Токторалыевич!**

Сизге өтүнүч кат менен кайрылуумдун себеби, Кыргыз Республикасынын башкы прокуротурасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин 2019-жылдагы окуу куралдарын сатып алуу боюнча мамлекеттик сатып алуулар боюнча мыйзамдуулугун сакталышын текшерген.

Текшерүүнүн жүрүшүндө: Салык кодексинин 249 статьясы бузулган дегени күнө коюлуп "Полиграфбумресурсы" ЖЧК **696 132** сом негизсиз кыргыз тилинде чыккан окуу куралдардын баасына **кошумча нарк салыгы** (КНС) кошулган деп жазылып кеткен. Бул негизсиз жазылган суммага жооп: "Полиграфбумресурсы" ЖЧК басмаканасы тендердик талапка жооп кылып кыргыз тилинде чыккан окуу куралдардын баасына КНС кошкон эмес. Ал толук калькуляциялык таблицасында көрсөтүлгөн, себеби тендердик талаптын №5 жана №8 пунктарында көрсөтүлгөн **(Предоставить калькуляцию на выпуск учебников, включающую: выплату обязательных налогов и платежей;)** деп көрсөтүлгөн. Жогорудагы кыргыз тилинде чыккан китептерге КНС (кошумча нарк салыгы) кошулган эмес. Таблицияда тендердин талабына ылайык налог на прибыль жана подоходный налогтор көрсөтүлгөн. Графада жазылып турат: "все налоги и соц. выплаты" деп. ал эми орус тилинде чыккан окуу куралдарына КНС, налог на прибыль жана подоходный налог киргизилген.Бул турасында текшерүүчү Ж.Мамырбаев мени чакырып көрсөтмө сураганда, мен түшүндүрүп бердим эле. Бирок текшерүүчү Ж.Мамырбаев менин түшүндүрмөөлөрүмдү эске албаптыр. Чындыгында алганда бул ишкананын ички документи. Бул документ тендердик талапка жооп кылып түзүлгөн. Бул жерде текшерүүчү тараптан мыйзамдуулук бузулуп ишкерлердин укугу тебеленип ички документтерди текшерип, өздөрүнө чакырып коркууту, үркүтү болгон.

Андан сырткары орус тилинде чыккан окуу куралдарынын баасына негизсиз 391481 сом кошулган деп жазылган. Калькуляцыялык таблицияда жазылгандай тендердик талап боюнча КНС, налог на прибыль жана подоходный налог графада көрсөтүлгөн. Текшерүүчү Ж.Мамырбаев графадагы КНСтен башка налогторду айтылса дагы тааныган эмес.

Текшерүүчү Ж.Мамырбаевдин дагы бир негизсиз жазган **1 127 300** сом, келишимди кеч аткаргандыгы үчүн айып пул деп жазган. Жогоруудагы айтылган сумма боюнча сизге кеңир түшүнүк берип кетейин. Тендердин талабы боюнча окуу куралдарын нускасын көбөйтүп чыгаруу эле **(гиражирование)**, башкача айтканда Билим берүү жана илим министирдиги басмаканаларга даяр электрондук файылдарды бериш керек эле. Бирок , МОиН КР тарабынан бизге берилген №2 лоттогу окуу куралдарында көп каталар жана редакциялык түзөөтүлөр болгонуна байланыштуу биз МОиН КР кайырлдык. Окуу куралдарына грамматика жактан ондоолор жана редакциялоо керек экен. Биз өз каражатыбызга ондоп редакциялап чыгаралы, буга кошумча убакыт талап кылынат.

Ошондуктан МОиН КР тараптан келишимди узартып бергиле деп бул маселе боюнча инициатива көтөрдүм. Анткени окуу куралдары менин басмаканмдан чыгып жаткандан кийин, катасы менен чыгууга жол бере албадым. Бул боюнча мен ошол кездеги министир маркум Исаков К.А. кайрылдым. Ал киши МОиН КРдин стат-секретари Ж.А. Ташиевге тапшырма берип министирликтеги окуу куралдарына тиешелүү кызматкерлердин жана тендердик комиссиянын мүчөлрүнүн макулдугу менен келишим узартылган. Себеби ката чыккан окуу куралдары Билим берүү министирлигине жана менин басмаканама дагы аброй алып келбейт эле. Бул боюнча текшерүүчү Ж.Мамырбаев мени чакырып сураганда, жогорууда жагдай тууралу айтып бердим жана окуу куралдарындагы каталарын көрсөтүм. Бирок, Ж.Мамырбаев ката болсо дагы силер , каталарды ондобой өз убагында келишим боюнча чыгарышынар керек деп доомат койду. №91/01-1 Келишимдин № 2.1 пунктунда көрсөтүлгөндөй : **“Сроки поставки могут быть изменены в зависимости от сроков финансирования и других существенных причин”**- деп жазылып турат. Жогоруудагы көрсөтүлгөн келишимдин 2.1. пунктун негизде Кошумча келишим менен 25.03.2020ж. чейин убактысы узартылган. Узартылган келишимди Ж.Мамырбаев эсепке албай “Полиграфбумресурсы” ЖЧКсына негизсиз **1 127 300** сом айыл пул жазып кеткен.

“Полиграфбумресурсы” ЖЧКсы окуу куралдарын 23.03.2020ж. МОиН КР комиссиясына Акт боюнча өткөзүп берген.

Өзүңзгө маалым болгондой, өлкөдө COVID-19 вирусу пайда болгондугуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын президенти тарабынан 24.03.2020-жылдан баштап аймактарда өзгөчө абал киргизилди. 2020-жылдын 15-апрелинде өзгөчө абал алынгандан кийин “Полиграфбумресурсы” ЖЧКсы окуу куралдарын райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүүнө жеткирип беридик жана МОиН КР жалпы бухгалтерлик документтерди тапшырдык.

“Полиграфбумресурсы” ЖЧКсы тарабынан мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзам бузулган жок жана мамлекетке зыян келтирилген эмес. Тескеринче “Полиграфбумресурсы” басмаканасы издательсволорго 500 000 сом төлөп окуу куралдарын каталарын оңдоп, редакциялап басмага даярдады жана окуу куралдарына бир тыйын да албай чыгаргандан кийин 2020-жылдын 29-майында эң акыркы акчасын алды.

Ал эми тендердин өзгөчө шартында жана келишимде көрсөтүлгөндөй 10% алдын аала төлөө, 80% басмакананын складында кабыл алгандан кийин төлөөп берүү жана акыркыркы 10% райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө жеткирүүдөн кийин төлөп берүү керек эле, жогоруудагы шарттар МОиН КР тарабынан бири дагы аткарылган жок. Бул жөнүндө Ж. Мамырбаев көрүп турса дагы, эсепке алган эмес. Кайра ишкерлерди коркутуу, үркүтүү иш козгойм деп жосунсуз мамиле кылган.

Текшерүүчү Мамырбаев 2019-2020 жылдары Билим берүү жана илим министирлигин текшерип, басмаканалардан көрсөтмө алып келет. Бир текшерүүчү министирликти кайталап текшерүүгө мыйзам жол береби.

**Урматтуу, Курманкул Токторалыевич!**
Сизди Кыргыз Республикасынын мыйзамдуулукту сактоонун гарантты катары кайрылууга аргасыз болдум. Ошол себептен, жогоруу айтылган жагдай боюнча туура чечим кабыл алып Башкы прокуратура тарабынан Билим Берүү жана Илим Министирлигине жөнөткөн буйрутманы жокко чыгарып берүүнүздү өтүнөм!

**Сизди Урматоо менен ,**
**“Кыргыз Республикасынын басма үйлөрүнүн жана полиграфисттеринин Ассоциациянын төрагасы»,**
**“Полиграфбумресурсы” ЖЧК басмаканасынын директору** **Төрөкулов Көчкөн Эргешбаевич**

Тастыктоочу докусентеринин көчүрмөлөрү тиркелди:
1. Келишим 91/01-1
2. Кошумча келишим.
3. Калькуляция (смета расходов)
4. Издательстволор менен келишим